DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Ормонова С.*

# КЫРГЫЗ АЙТЫШТАРЫНДАГЫ ЮМОР МЕНЕН САТИРАНЫН РОЛУ

*Ормонова С.*

# РОЛЬ САТИРЫ И ЮМОРА В КЫРГЫЗСКИХ АЙТЫШАХ

*S. Ormonova*

# THE ROLE OF SATIRE AND HUMOR IN THE KYRGYZ AYTYSH

*УДК: 821.512.154*

*Бул макалада кыргыз улуттук маданиятынын бир бөлүгү болгон айтыш өнөрү жөнүндө сөз болот. Айтыш – кыргыз элинин руханий-эстетикалык баалуулуктарын өзүнө камтыган оозеки чыгармачылыктын бир түрү. Айтыш – кыргыз, казак, каракалпак элдеринде өтө кеңири тараган, байыртадан бери келе жаткан элдик оозеки көркөм өнөрдүн бир түрү. Мында эки же андан көп акындар ыр менен айтышат. Айтыш өнөрү тематикалык жактан ар тараптуу болуп, кыргыз элинин улуттук идеологиясын, кылым карыткан салт-санаасын, руханий дүйнө таанымын, менталитетин, деги эле эл турмушунун баардык тарабын өзүнө камтып келет. Айтыштагы сатиранын, юмордун жакшы чыгышы акындардын чечендик чеберчилигине, импровизациялоо талантына жана эн негизгиси, интелектуалдык дараметине жараша болоору белгилуу. Башкача айтканда, акын сатиралык элементтерди, юморду колдонуу менен учурдун актуалдуу маселесин козгоп же каршылашын сындап сөзгө жыга алган жана бул өз учурунда анын кыраакылыгын, акылмандыгын көрсөтө алган. Сатира менен юмордун айтыштагы орду көркөм эстетикалык, социалдык психологиялык аспектилер менен байланышта.*

***Негизги сөздөр:*** *акындар, айтыш, элдик оозеки чыгармачылык, сатира, юмор, айтыш өнөрү.*

*В этой статье речь идет об искусстве айтыш, который является составной частью кыргызской национальной культуры. Айтыш – один из видов устного народного творчества, содержащий в себе духовно-эстетические ценности кыргызского народа. Айтыш является одним из видов устного народного творчества, сохранившихся с древнейших времен, и он широко распространился кыргызского, казахского, каракалпакского народов. Искусство айтыша многогранно в тематическом плане, и вместе с тем охватывает в себе национальную идеологию кыргызского народа, его многовековые традиции, духовное мировосприятие, менталитет и в целом все сторонние жизни. Успех проявления сатиры и юмора в айтыше зависит от мастерства акына, его таланта импровизировать, и самое главное, от уровня интеллектуальных способностей. Говоря другими словами, в айтыше акын используя элементов сатиры и юмора мог поднять актуальную тему в современном ему обществе или критиковать своего соперника и это в свою очередь позволяет презентовать его остроумие. Роль сатиры и юмора в айтыше связана с социальными, художественно-эстетическими, психологическими аспектами.*

***Ключевые слова:*** *акыны, айтыш, народное устное творчество, сатира, юмор, искусство айтыш.*

*This article deals with the art of aitysh, which is an integral part of the Kyrgyz national culture. Aitysh is one of the types of oral folk art that contains the spiritual and aesthetic values of the Kyrgyz people. Aitysh is one of the types of oral folk art that have survived from ancient times and it is widely spread among the Kyrgyz, Kazakh, Karakalpak peoples. The art of aitysh is multifaceted in thematic terms, and at the same time it embraces the national ideology of the Kyrgyz people, its centuries-old traditions, spiritual perception of the world, mentality and, in general, all side lives. The success of the manifestation of satire and humor in aitysh depends on the akyn's skill, his talent to improvise, and most importantly, on the level of intellectual abilities. In other words, in aitysh akyn, using elements of satire and humor could raise an actual topic in contemporary society or criticize his rival, and this, in turn, allows him to*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*present his wit. The role of satire and humor in aitysh is associated with social, artistic, aesthetic, psychological aspects.*

***Key words****: akyn, aitysh, folk oral creativity, satire, humor, the art of aitysh.*

Кыргыз улуттук маданиятынын өзгөчө бир бөлүгү – айтыш өнөрү. Айтыш – кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгүн ачып бере ала турган, элдин руханий-эстетикалык баалуулуктарын өзүнө камтыган оозеки чыгармачылыктын бир түрү. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралында айтышка төмөндөгүдөй аныктама берилет: “Айтыш – кыргыз, казак, каракалпак элдеринде өтө кеңири тараган, байыртан бери келе жаткан элдик оозэки көркөм өнөрдүн бир түрү. Мында эки же андан көп акындар ыр менен айтышат. Айтыш эл алдында аткарылып, дра-малык жанрдын элементтерине ээ. Айтышка катышкан акындардын тапкычтыгы, ырчылык өнөрү, устаттыгы сыналат. Айтышуу ыгына карай алымсабак айтыш, кордоо айтышы, табышмактуу айтыш болуп бөлүнөт” [5, 28-б.].

Академик А.А. Акматалиев айтышты – каршылаш эки акындын эл алдында төгүп ырдаган өнөр жарышы жана төкмөлүктүн жемиши деп эсептейт [1, 3-5-бб.]. Ошондой эле ал “Айтыш – кыргыз элинин жашоо турмушу менен бирге өнүгүп, бүгүнкү күнгө чейин өрүш алып келген оозеки адабиятынын чоң бир салаасы. Анда калктын кубанычы, кайгысы, саясий-чарбалык турмушу, маданияты, идеологиясы, үрп-адаттары, жалпы адамзаттык жана жеке адамдык карым-катыштары чагылдырылат. Мындан улам айтыштар тематикалык жактан тарамдалып, эл турмушунун баардык тарабын камтыйт” [1, 3-5-бб.] деген пикирин билдирген.

Адабиятчы Ж.Таштемиров айтыштын эки же андан көп адамдардын катышуусу менен аткарылгандыгынан эле эки кишинин бетме-бет чыкканын, бир-бирин жеңүү үчүн сынашканын байкоого болоорун жазат [6, 138-б.]. Ал айтыш жанрында сөзмөрлүктүн, чечендиктин ролуна басым жасайт: “Айтыштын өзү чечендикти сыноого байланыштуу келип чыккан түр. Айтыш дегенде чечендикти, сөз тапкычтыкты, акыл-эстүүлүктү көрөгөчтүктү, билгичтикти жана искусствого таандык ар-кандай өнөрдү чеберчиликте жөндөмдүүлүк менен аткара билгенди түшүнөбүз. Эгер ушундай жооптуу милдет коюлбаса, анда айтыш угуучуларды да, көрүүчүлөрдү да өзүнө тартпас эле. Аткаруучулар канчалык чебер, канчалык күчтүү болсо, айтыш да ошончолук кызыктуу өтөт” [6, 138-б.].

Ал эми адабиятчы А.Обозканов: «Айтыш – байыртадан бери келаткан, ырчылардын эл алдында чоң таймаштарда акындын сөз тапкычтыгын, тилинин күлүктүгүн, ой жүгүртүү логикасынын тактыгын, сынаакы кырдаалдардан жол таап кете алган психикалык жактан туруктуу, кыйындыгын туюндуруп, ырчылыктагы ар тараптуу күчүн көрсөткөн татаал өнөр» [8, 74-б.] деп аныктама берет. Чындыгында эле айтыш өнөрү аткаруучудан чечендик, акылмандык, кыраакылык, артистик, төкмөчүлүк, импровизациялык чеберчилик сыяктуу сапаттарды талап кылуу менен кыргыз поэзиясынын эң татаал түрлөрүнүн бири болуп саналат десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан, айтышка катышуу акын үчүн чоң сыноо болоору шексиз. Окумуштуу С.Байкожоев айткандай «Айтыш көпчүлүк элдин алдында акындын акындык күчүн, дараметин сыноочу чоң сыноо, алардын ырчылык жолундагы өнөр салыштыруунун, талантуу сыноонун эң кыйын ашуусу» [2, 48-б.].

Айтыш өнөрүнүн табиятын изилдеген М.К. Көлбаева “Айтыш – импровизациялык өнөрдүн бийик чегин көрсөтүп, публика менен түз байланышта аткарылып, өзүнө тиешелүү мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон жанр” [4, 251-б.] деп аныктама берет. Жалпысынан айтканда, айтыш өнөрүн теориялык изилдөөлөргө кайрылган кыргыз, казак окумуштуулары айтышты элдик оозэки чыгармачылыктын спецификалык өзгөчөлүктөргө бай татаал жанр деп карашкан. Анын татаалдыгы акындан импровизациялык талантты, сынга сынбай татыктуу жооп таба алышын, ойюн эч даярдыксыз уйкаш сөз курамдары менен билдирип чечендигин көрсөтө алганын, жалпы эле дүйнө таанымынын жогорку деңгээлин талап кылышы менен байланыштуу. Ошентип, айтыш – бул эл алдында эки же андан көп аткаруучулардын ортосунда болгон төкмө ыр түрүндөгү өнөр жарышы, ич ара таймашуу, жана ал мазмуну, формасы жагынан өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ деп аныктама берсек болот. Айтыш өнөрү тематикалык жактан ар тараптуу болуп, кыргыз элинин улуттук идеалогиясын, кылым карыткан салт-санаасын, руханий дүйнө таанымын, менталитетин, деги эле эл турмушунун баардык тарабын өзүнө камтышы анын спецификасы.

Айтыштын бул өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу элдин психологиялык, социалдык, менталдык кулк-мүнөзү менен тыгыз мамиледе болгон юмор жана сатиранын андагы орду, мааниси эбегейсиз зор экени анык. Сатиранын негизги функцияларынын бири сындоо. Айтышта да сындоо негизги элементтердин бири болуп, көпчүлүк учурда акындардын башкы максаты болуп эсептелет. Бул тууралуу академик А.А. Акматалиев мындай деп жазат: “Айтыш – каршылаш эки акындын эл алдында төгүп ырдыган өнөр

DOI:10.26104/IVK.2019.45



жарышы. Анда бир акындын айткан соболдорун экинчиси кандай да болсо сынга алып, жүйөгө жыгууга аракет жасайт. Мындан улам айтыштарда сынчылдык мүнөз өтө күчтүү" [1, 6-б.].

Атаандаштар айтыш учурунда бири-бири менен жеке мааниДеги гана эмес, жалпы турмуштук көрүнүштөр, социалдык, маданий-этикалык маселелер боюнча да сынга алып, сөзгө жыгууга аракет кылып курч диалог түзүү менен угармандардын бүйүрүн кызытып, аларга эстетикалык ырахат тартуулашат. Бул процессте ар бир акындын дүйнө таанымынын кеңдигинин, сөз чеберчилигинин, акындык ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугунун маааниси чоң. "Буттан жыгылган турат, сөздөн жыгылган турбайт" - деп кыргыз эли эзелтеден сөзгө чоң маани беришкен. Көркөм сөз өнөрүн ардактап, чечендикти, акындык өнөрдү терең баалашкан. Айтыштын мыкты чыгышы акындардын интеллектуалдыкдараметине, чечендик чеберчилигине жана импровизациялоо талантына жараша болоору белгилүү. Айтыштын негизги өзгөчөлүгү алдын ала даярдыксыз ыр түрүндө төкмөлүк менен сөз тапкычтыгын билдирүү болгондуктан импровизациянын ролу өтө чоң.

Адабиятчы М.Көлбаева импровизацилык өнөрдүн чыгармачылык такшалуу этабынын жеткен бийиктиги катары айтыш өнөрүн атоого болот деп эсептейт [4, 8-б.]. Анын айтыш өнөрүнө берген төмөнкү мүнөздөмөсү да жүйөлүү: "...Төкмөлүк-ырчылык өнөр менен алектенип жүргөн өнөрпоздордон көркөм сөздүн кудуретин түшүнүп, бири-бирине мыкты кыналышкан сөз байлыгынын кенендигин, токулган ыр курулмаларынын уккулуктуулугун, ырчынын сөзмөрдүүлүгүн талап кылган, кандай жагдай, шарт болбосун, эч даярдыксыз кез келген кырдаалдан чыга билген кыраакылыгын, ошол абалдарда өзүн, сөзүн жоготуп ийбөөгө көнүккөн психологиялык туруктуулукту талап кылган искусствонун бир канча элементтерин өз ичине сиңирип турган өнөр" [4, 9-б.]. Мына ошол өзүнө камтыган бир канча элементтердин бир сатира жана юмор экени талашсыз. Айтыш куюлушкан уйкаштуу, мазмундуу сөз берметтеринен курулуп, алар аркылуу коомдогу терс көрүнүштөрдү мыскылдоочу сатиралык, юмордук ыр саптарды жараткан өзгөчө өнөр.

Айтышта көтөрүлгөн маселенин мазмунун, акындын жеке оюнун түпкү маанисин угармандарга ачып берүүдө сатиралык жана юмордук мотивдердин, күлкүлүү образдардын, сарказмдын болушу чыгарманын көркөмдүк жэңгээлин жогору көтөрөт жана анын элге түшүнүктүү, жеткиликтүү болушуна түрткү болот. Айтышта угармандарга жакшы тааныш маселелер козголуп, буга тиешелүү таамай айтылган куйкум сөздөр, курч мүнөздөгү сындоолор юмордук нотада, сатиралык элементтерди колдонуу менен айтылганы көтөрүлгөн теманын коомдогу актуалдуулугун жогорулатат. Ошону менен бирге эле мындай айтыш элдин көңүлүн буруп, акын менен аудиториянын ортосунда жылуу мамиленин пайда болушуна шарт түзөт да акындын беделин көтөрөт.

Айтыш өнөрү мазмуну боюнча турмуш-тиричиликтин баардык сферасын камтыйт. Жалпысынан айтканда, адат-салт айтыштары адамдын күнүмдүк жашоосунун өйдө-төмөн көп кырдуулугун чагылдырып бере алса, акындар айтышы аткаруучулардын ички сезимдерин, дүйнөгө көз карашын, коомдогу аркандай маселереге болгон жеке мамилесин билдирип индивидуалдуулук мүнөзгө ээ. Бул өзгөчөлүктөр айтышты лирикалык жанрга ыктайт деп атоого мүмкүндүк берет. Бирок, ошону менен бирге эле айтышта эпикалык жана драмалык элементтерди байкоого болот. Айтыштын диалогдук формада болуусу, эки акындын жеңиш үчүн таймашуусу, кандайдыр-бир актуалдуу теманын козголушу жана анын курч мүнөздө талкууланышы, бири-бирин катуу сындап психологиялык чыңалуунун жаралышы, айтыш процессиндеги күтүлбөстүк жана башка ушул сыяктуу өзгөчөлүктөр драматизмдин жаралышына өбөлгө болот. Мисалы, Сүйүмбай менен Арстанбектин", Эшмамбет менен Калыктын Кетмен-Төбөдөгү айтышы", "Эсенаман менен Жеңижоктун айтыштарында" драмалык элеменнтер басымдуулук кылат. Ал эми жалпы эл турмушун баяндап, учурдун маанилүү маселелерин козгоп же акындын жеке жашоосундагы окуялар аркылуу жалпыга тиешелүү болгон турмуш чындыгын чагылдырган айтыштар эпикалык мүнөзгө ээ десек болот. Мисалы, Токтогулдун Эшмамбет менен айтышы, Калык менен Эшмамбеттин айтышы, Коргоол менен Токтогулдун айтышы жб.

Негизи, айтыштын жанрдык белгилери боюнча кайсы түргө таандык болоору тууралуу окумуштуулардын ойлору ар түрдүү. Адабиятчы Ж.Таштемиров айтышты эпикалык жанр деп атаса [9, 105-б.], казак изилдөөчүсү А.Коңуратбаев "Айтыс – лирикалык форма, оның бір жағы – мадак, бір жағы – сатира болып келеди" [7, 70-б.] деп эсептеген. Ал эми М.Ауэзов [10, 128-б.] менен М.Богданов [3, 30-31-бб.] айтышты драмага жакындатышкан. М.Көлбаева болсо айтышта үч түр тең бири-бири менен жуурулуша кездешип өтө

DOI:10.26104/IVK.2019.45



синтездешкен мүнөзгө ээ экендигин белгилеп "жанрдык белгиси боюнча айтыштар драмалык жана эпикалык жанрдын элементтерин өз ичине камтыган элдик лирикалык ырлардын бир түрү катары кароого болот" деген жыйынтыка келген [4, 253-б.].

Лирикалык, драмалык нукта жаралган айтыштардын көбү коомдогу терс көрүнүштөрдү же каршылашынын жеке сапаттарын шакабага салган сатиралык, юмордук элементтерди өзүнө камтыйт. Адат-салт айтыштарында, өзгөчө акынек, кайым айтыштарда, кыз-жигит айтышында сатиралык, юмордук каражаттардын жардамы менен кордоо, мазактоо ыкмасы кеңири колдонулат. Акындар айтышында мактоо ырларынан тышкары эки атаандаштардын бири-бирин ыгына жараша шылдыңдап, юмор менен диалог түзүшкөндөрү, биздин оюбузча, айтыш жанрында сатиранын ролу чоң мааниге ээ дегенди билдирет. Сатиралык жана юмордук элементтер айтышта аткаруулар менен угуучулар ортосунда жылуу мамиленин түзүлүшүнө таасир берери шексиз. Адабиятчы М.Көлбаева ырчылардын аудитория менен байланышындагы милдеттеринин арасында сатиранын орду маанилүү экендигин төмөндөгүчө билдирет: *"...бешинчиден*, айтыштардагы сатира жана юмордун ыктуу пайдаланышы менен көрүүчүнү күлкүгө бө-лөйт, *алтынчыдан*, айрым коомго жат көрүнүштөрдү, эл башкаруучулардын кылык-жоруктарын сынга алат" [4, 74-б.].

**Адабияттар:**


1. Айтыш сериясы. I т. Редколлегия Акматалиев А.А., Байгазиев С.О., Жайнакова А.Ж. ж.б. - Б.: "Имак офсет", 2015, 3-5-бб.
2. Байходжоев С. Алымкул Үсөнбаев [Текст] / С.Байходжоев. - Ф.: КСА басмасы, 1962, - 48-б.
3. Богданова М. Киргизская литература [Текст] / М.Богданова. - М., 1947. - 30-31-бб.
4. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (революция, жанр, поэтика) Дисс. - Б., 2015. - 251-б.
5. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. Баш ред. Ү. Асанов, жооптуу ред. А. Акматалиев.- Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедиялык борбору. - 2004, 28-б.
6. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Редколлегия. Таштемиров Ж., Байходжоев С., Закиров С. - Ф.: "Илим", 1973. - 138-б.
7. Коңуратбай А. Айтыш поэзиясынын табигаты [Текст] / А.Коңуратбай. Кит-те: Айтыстану. - Астана: "Жалгас-принт". - 2013. - 70-б.
8. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкерттүү табияты [Текст] / А.Обозканов. - Бишкек: «Шам», 2006. - 74-б.
9. Рахматулин К. Кыргыз адабиятынын очерктери [Текст] / К.Рахматулин. - Фрунзе: «Кыргызстан»,1943. - 105-б.
10. Фольклорный театр народов СССР [Текст]. - Москва: «Искусство», 1978. - 128-б.